**УДК: 371.3/378.147.11**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/1-155-160**

**Бабаев М.Д.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Ош мамлекеттик университети
Ош ш.
babaev77@mail.ru
**Бабаева А.Д.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Ош мамлекеттик университети
Ош ш.
babaeva.kkk@mail.ru

## ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ - УКУК МАДАНИЯТТЫНЫН ЭЛЕМЕНТТЕРИНИН БИРИ КАТАРЫ

**Аннотация.** Илимий макалада студенттердин укуктук маданиятынын курамынын бири катары экологиялык билимдерди калыптандыруу каралат. Экологиялык билимдерди калыптандыруу маселелери жаңылanууда. Авторлор экологиялык жана укуктук маданиятты калыптандыруу билим берүүнүн жана тарбиялоонун бардык баскычтарында болушу керек деген тыянакка келет. Ушунун негизинде билимдин, жөндөмдүн, ыкмаларынын мазмунун тереңдетүүгө, айлана чөйрөнү коргоого, аны сүйүүгө жана кең байлыктарын арттырууга жигердүүлүк менен катышууга көңүл бурууну күчөтүү жөнүндө кеп болот. Студенттерге билим берүүнүн методдору, формалары жана каражаттары көрсөтүлүп, экологиялык маданият, экологиялык билим берүүнүн максаты, экологиялык тарбиянын милдеттери жазылган. Окутуучу өзүнүн үлгүсүндө учурда өспүрүмдөрдү табигый чөйрөдө маданияттуу жүрүм-турумдарга үйрөтүүсү зарылдыгы белгиленген. Экологиялык билим берүүнүн жана укуктук маданиятты калыптандыруунун эң эффективдүү технологиялары жөнүндө корутунду чыгарылган.

**Негизги сөздөр**: экологиялык билим берүү, экологиялык маданият, студенттер, окуу процесси, айлана - чөйрө, гумандуулук, тарбия.

**Бабаев М.Д.**
кандидат педагогических наук, доцент
Ошский государственный университет
г. Ош
babaev77@mail.ru
**Бабаева А.Д.**
Ошский государственный университет
г. Ош
кандидат педагогических наук, доцент
babaeva.kkk@mail.ru

## ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ЗНАНИЕ – КАК ОДИН ИЗ ЭЛЕМЕНТОВ ПРАВОВОЙ КУЛЬТУРЫ

**Аннотация.** В научной статье рассматривается формирование экологических знаний как одна из составляющих элементов правовой культуры студентов. Актуализируются вопросы формирования экологических знаний. Авторы приходят к выводу, что формирование эколого-правовой культуры должно происходить на всех уровнях образования и воспитания. А также речь идет о повышении внимания к углублению содержания знаний, умений, методов, охране окружающей среды, любви к ней и активному участию в приумножении ее богатства. Студентам даны методы, формы и средства воспитания, понятие о экологической культуре, цели экологического воспитания, рассмотрены задачи экологического воспитания. На своем личном примере преподавателю необходимо дать знания подросткам бережному отношению к природной среде. В конце сделан вывод о наиболее эффективных технологиях экологического воспитания и формирования правовой культуры.

**Ключевые слова**: экологические знания, экологическая культура, студенты, учебный процесс, окружающая среда, гуманизм, воспитание.

**Babaev M.D.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Osh State University
Osh c.
babaev77@mail.ru
**Babaeva A.D.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Osh State University
Osh c.
babaeva.kkk@mail.ru

## ENVIRONMENTAL KNOWLEDGE – LEGAL CULTURE OF THE TRACE ELEMENTS

**Abstract.** In the scientific article, the formation of environmental knowledge is considered as one of the constituent elements of the legal culture of students. Issues of formation of ecological knowledge are updated. The authors come to the conclusion that the formation of ecological and legal culture must occur at all levels of education and training. It is also about increasing attention to the deepening of the content of knowledge, skills, methods, environmental protection, love for it and active participation in increasing its wealth. To my students, the methods, forms and means of education, the concept of ecological culture, the goals of ecological education, the considered tasks of ecological education. By personal example, the teacher needs to give knowledge to the teenagers about the care of the natural environment. In the end, a conclusion was made about the most effective technologies of environmental education and formation of legal culture.
**Key words:** ecological knowledge, ecological culture, students, educational process, environment, humanism, upbringing.

Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылга чейинки өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында эл чарбасынын бардык тармактарына алдыңкы технологиянын жана

эмгекти уюштуруунун жаңы шарттарынын киргизилиши, өнөр жайдын (өзгөчө тоо-кен тармагы), айыл чарбасынын өнүгүшү, транспорттун көбөйүшү ж.б.у.с. жагдайлар өз кезегинде жаратылыштын бузулушуна алып келиши мүмкүн. Мына ушуга байланыштуу студенттерди экологиялык билимдерге, көндүмдөргө болгон кесип ээлерин даярдоо өзгөчө милдеттердин бири болуп саналат.[1, 51 б]

Ал эми «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 48-49-беренелеринде экологиялык маданиятты түзүүнүн негизги ыкмалары катары жалпы жана комплекстүү экологиялык билим берүү көрсөтүлөт. [2] Керектүү билимди алуу, коомдун экологиялык маданиятын жогорулатуу жана адистерди кесиптик даярдоо максатында айлана-чөйрөнү коргоо жаатында үзгүлтүксүз билим берүү жана тарбиялоо үй-бүлө жана мектепке чейинки мекемелерден баштап камсыз кылынат деп белгилейт. Айлана-чөйрөнү коргоо, билим берүү боюнча мамлекеттик органдар жана коомдук уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттары экологиялык билимдерди таркатышат, айлана-чөйрөнү жана жаратылыш ресурстарын кылдаттык менен мамиле кылууну үгүттөп турушат.

Азыркы учурда билим берүү системасы үчүн адеп-ахлактык гана эмес, экологиялык билим берүүнүн артыкчылыктуу мааниси жөнүндө маселе өтө курч турат. Инсанды өнүктүрүүгө жана өзүн-өзү өркүндөтүүгө, экология чөйрөсүндөгү өзүнүн иш-аракетине тиешелүү мамилени калыптандырууга жана мындай аракеттердин укук ченемдүүлүгүн аңдап билүүгө багытталган экологиялык билим берүү жана тарбиялоо бардык курактагы адамдарга карата таралууга тийиш. Бул учурда психологиялык жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл. Окутуучунун милдети болуп студенттердин айлана-чөйрөгө болгон аң-сезимдүү мамилесин калыптандыруу жана экологиялык билимдерин кеңейтүү эсептелет. Экологиялык билимди калыптандыруу – бул мектеп курагынан баштап инсандын өзгөртүүнүн узакка созулган үзгүлтүксүз процесси. Жаратылышты чектелген кабыл алуу көпчүлүк учурда антропогендик таасирдин объектиси катары көрсөтүлүп, ага карата эстетикалык мамиле көп учурда каралбайт. Учурда орто кесиптик окуу жайларынын окуу-тарбия иштерин экологиялаштыруу ыкмалары ишке ашырылууда. Экологиялык тарбия жалпы экологиялык маданиятты жана жеке жоопкерчиликти түзүүгө багытталган окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн үзгүлтүксүз процессин билдирет.

Окумуштуу Д.О.Буркиндин пикири боюнча, экологиялык-укуктук маданият – бул кандайдыр бир экологиялык маанилүү иштин укуктук ченемдерге ылайык келиши менен мүнөздөлүүчү жеке жана коомдук аң-сезимдин абалы [3, 59 б.]. Жарандардын даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле анын экологиялык укуктарын кандай гана болбосун мыйзамдуу түрдө коргоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү максатында мамлекеттин жарандарынын экологиялык укуктук аң-сезимин өнүктүрүү зарыл. Ошондуктан, экологиялык укуктук аң-сезим – бул укук ченемдерин колдонууга жана ишке ашырууга таасир этүүчү мүмкүнчүлүк. Экологиялык жана укуктук маданиятты калыптандыруунун биринчи кадамы – үй-бүлө. Үй-бүлө баланын экологияга жана укукка болгон мамилесин аныктаган социалдык институт. Жаш үй-бүлөлөр менен экологиялык жана укуктук маданияттын мааниси жана анын өсүп келе жаткан муундун укуктук аң-сезимине тийгизген таасири боюнча үзгүлтүксүз иш алып баруу маанилүү. Экинчи этабы орто билим берүү эсептелинет. Билим берүү окуу жайлары ченемдик укуктук актыларды (Конвенция, мамлекеттик мыйзамдар, кодекстер, Конституция) изилдөөгө багытталган аналитикалык жөндөмдөрдү өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылууга тийиш. Үчүнчү этап – бул

жогорку билим берүү. Жогорку окуу жайларда экология жана укук жаатында так жана терең билим берет. Мындай билимдерди жайылтуу үчүн жогорку окуу жайдын жетекчилиги жана окутуучулары менен биргеликте ишмердүүлүк жүргүзгөн экологиялык көйгөйлөргө кайдыгер карабаган студенттердин жамааттарын түзүү зарыл.

Илимий конференцияларга активдүү катышуу жана баяндамаларды жасоо студенттердин экологиялык жана укуктук маданиятына жакшы таасир тийгизбестен, экологиялык укук жаатындагы теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө да салым кошот. Көптөгөн адистиктертерге экологиялык укук сабагын билим берүү программаларына киргизүү студенттерди мамлекеттин ар кандай субъекттеринин курч экологиялык көйгөйлөрүн чечүүгө түрткү берет. Жогоруда айтылгандардын негизинде экологиялык билим берүүнү жана укуктук маданиятты калыптандыруу инсандын өсүүсүнө ар бир этабында көңүл бурууну талап кылган узак процесс. Айлана-чөйрөгө кылдаттык менен мамиле кылуу билим берүүнүн ар бир деңгээлинде орто кесиптик окуу жайлары тарабынан колдоого алынышы керек. Дисциплиналарды окуп-үйрөнүү жана бул багыттардагы түрдүү деңгээлдеги иш-чараларга катышуу жаратылышты коргоо мыйзамдарынын укуктук ченемдерин туура жана бирдиктүү түшүнүүгө, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоого, сактоого үндөйт.

Экологиялык билимди калыптандыруу бир гана чоң көлөмдөгү маалымат жагынан эмес, педагогикалык жана дидактикалык көз караштан алганда да кыйла татаал процесс. Экологиялык билимдер илимдин химия, биология, социология, география жана башкалар сыяктуу илим тармактарын камтууга тийиш. Экологиялык билим берүү жана тарбиялоо педагогикалык процесс катары төмөнкү милдеттердин бардык катарын камтыйт: интеллектуалдык, эстетикалык, адеп-ахлактык жана ишмердүүлүк. [4, б. 61]

Анын негизги максаты – инсандын жаратылышка жана аны курчап турган адамдарга болгон жоопкерчилигин ар тараптуу өнүктүрүү. Дүйнөдөгү ордун түшүнүү жана экологиялык артыкчылыктарга ылайык жашоо образын түзүү. И.Д.Зверева экологиялык маданият билим берүү мекемесинде жаратылыш жана коом менен өз ара аракеттенүү жөнүндөгү билимдер системасын өздөштүрүү, адамдын айлана-чөйрө менен болгон мамилесин жакшыртуу зарылдыгын баамдоо жана түшүнүү, жаратылышка карата эмоционалдык-сезимдик жана ахлактык-эстетикалык мамилени калыптандыруу аркылуу калыптанат деп болжолдойт. Ошондой эле студенттердин экологиялык жоопкерчилигинин маанилүүлүгүн белгилей кетүү зарыл. Инсандын экологиялык жоопкерчилиги – бул объективдүү жана субъективдүү факторлор менен аныкталган татаал социалдык-психологиялык түзүлүш [5, 30 б.]. Экологиялык жоопкерчилик сезимталдуулук, аң-сезимдүүлүк, сарамжалдуулук, тырышчаактык, экологиялык билим, эмоционалдык жооптуулук, табигый чөйрө менен өз ара аракеттенүүгө даяр болуу жана билүү сыяктуу жеке сапаттар менен байланышкан. Экологиялык билимди калыптандыруудагы негизги көйгөйлөрдүн бири – педагогдордун экологиялык билим берүүнүн заманбап ыкмаларын жана технологияларын билбегендиги. Студенттердин экологиялык билимин өнүктүрүүдө коллежде окутуунун усулу менен байланыштуу. Бул көйгөйлөрдү чечүүнүн айрым жолдорун карап көрөлү. Мисалы, экологияга багытталган тапшырмаларды берүү.

Орто кесиптик билим берүү жогорураак баскыч катары мындан ары окуп жаткан жаштардын жалпы экологиялык жана укуктук маданиятынын пайдубалын түптөө менен чектелиши мүмкүн эмес. Ал келечектеги адистин өзгөчө экологиялык жана укуктук маданиятын өнүктүрүүгө көмөктөшүшү керек. Бул үчүн жалпы билим берүүчү

дисциплиналар боюнча да (мисалы, укук таануу боюнча), ошондой эле атайын предметтердин да орто кесиптик билим берүү мекемелеринин окуу программаларына экологиялык жана укуктук компоненттерди активдүү киргизүү зарыл. Муну өзүнүн мааниси боюнча орто кесиптик окуу жайларында жаштардын экологиялык жана укуктук маданиятынын туруктуу аң-сезимдеринин калыптандыруунун артыкчылыктуу жолу катары кароо керек. [6, б. 142]

Коллеждерде айлана-чөйрөнү коргоо боюнча талаптарды камтыган экологиялык өндүрүш ченемдерин, нускамаларды жана техникалык регламенттерди, б.а. келечектеги адистердин экологиялык багыттагы кесиптик функцияларын ишке ашырууну жөнгө салуучу атайын ченемдик укуктук актылар менен таанышууга өзгөчө көңүл бурулууга тийиш. Бул билим берүү сызыгы өндүрүштө практикадан өтүп жаткан мезгилде активдештирилиши керек.

Тапшырмалар, организмдердин жашаган жери менен өз ара аракеттенүүсүн гана эмес, ошондой эле адамдын жаратылыш чөйрөсү менен мамилелеринин баалуулукка негизделген ченемдик жана практикалык иш-аракеттерин чагылдырууга тийиш. Натыйжада студенттер маалыматты өз алдынча издөөгө үйрөнүшөт, чөйрөдөгү өзүнүн жүрүм-турумунун жана ишмердүүлүгүнүн кесепеттерин алдын ала айтууга аракеттенишет, практикалык көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү өздөштүрүшөт [7, 111 б.]. Студенттер айлана-чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча көрүлүп жаткан чараларды, ошондой эле экологиялык мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтин түрлөрүн билиши жана колдонуусу керек экендигин унутпаш керек. Айлана-чөйрөгө жана анын компоненттерине келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө дооматтар анын ден соолугуна жана мүлкүнө келтирилген зыянга карабастан ар бир жаран тарабынан коюла ала тургандыгын эстен чыгарбоо керек.

Студенттер экологиялык мамилелердин укуктук маселелерин изилдеп жаткан учурда ченемдик укуктук актыларды колдонуу зарыл. Соттук практиканын материалдары, мисалы, юридикалык жоопкерчилик менен иштөөдө да колдонулушу мүмкүн жана башка маалымат булактары: илимий адабияттар, маалыматтык журналдар, гезиттер жөнүндө да унутпаш керек [1]. Аларга учурдагы улуттук жана эл аралык табиятты сактоо мыйзамдардан мисалдарды берүү маанилүү. Мисалы, катуу тиричилик калдыктарын кайра иштетүү боюнча иштеп жаткан системалар жана үй ээлеринде таштандыларды бөлүп, андан кийин кайра иштетүүчү ишканаларга жөнөтүү милдеттери жаткандыгы жөнүндө айтып берүү. Бул багыттагы мыйзам бузуулар үчүн чоң айып жазалары каралган. Натыйжада колледж студенттери укуктун өнүгүп келе жаткан тармагы экологиялык укук экенин, анын концепциясы татаалдашып баратканын, билүү гана эмес, аткарылышы керек болгон жаңы тыюулар жана талаптар пайда болуп жатканын түшүнүшү керек. Экологиялык билимдерди түзүү үчүн эффективдүү технологиянын дагы бир түрү - кейс маселелерин чечүү. Бул ыкманы колдонуу менен маселелүү окутуу ыкмасы ишке ашырылат. Студенттер өз алдынча көйгөйлөрдү чечип, жыйынтыгын талдап, эркин сүйлөөгө үйрөнүшөт. Талкууларга катышып, эң негизгиси өз көз карашын негиздей алышат. Биринчиден, жалпыга маалымдоо каражаттарынан, жадагалса соттук практикадан алынышы мүмкүн болгон жагдайды кароо сунушталат. Кейс менен иштөөнүн жыйынтыгында студенттер аныкталган маселенин эң жакшы чечимин тандап алышы керек. Туура жооп издөөдө студенттер ченемдик укуктук актыларды да колдоно алышат. Ошентип, кейсти жаратылыш ресурстарын пайдалануучулардын укуктары жана милдеттери боюнча билимдерди системалаштырууга жардам берген «Экологиялык укуктар жана милдеттер» темасын изилдөөдө колдонулушу

мүмкүн. Студенттердин экологиялык-укуктук маданиятын калыптандыруу үчүн долбоордук технологияларды колдонуу да чоң ролду ойнойт. Анткени ал экологиялык билимдерди калыптандырууга жана өспүрүмдөрдүн чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн активдештирүүгө өбөлгө түзөт. Жарандардын экологиялык укуктун императивдик ченемдерин сактоосунда чагылдырылган экологиялык-укуктук маданияттын негизги элементи болуп экологиялык укуктук аң-сезим санала тургандыгын белгилей кетүү керек. Экологиялык жана укуктук маданиятты түзүүнүн императивдик каражаты катары экологиялык билим берүүнүн ченемдик аспектисине көбүрөөк көңүл буруу зарыл. Экологиялык аң-сезимди жана экологиялык маданиятты өнүктүрүү, жаратылышты коргоо көндүмдөрүн калыптандыруу инсандын баалуулук мамилелеринин системасынын ажырагыс бөлүгү болуп, студенттердин адеп-ахлактык тарбиялоо системасына органикалык түрдө кирүүсү тийиш.

Ошондуктан, укуктук маданияттын курам бөлүктөрүнүн бири катары экологиялык билимдерди калыптандыруу, студенттерди окутуунун жана тарбиялоонун бардык этаптарында ишке ашырылууга тийиш. Студенттердин экологиялык жана укуктук маданиятын калыптандыруу же жогорулатуу үчүн педагогдор өспүрүмдөрдүн психологиялык жана курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген окутуунун ар кандай заманбап ыкмаларын колдонушу керек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. 2018-2040 – жылдары КР өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. – Б., 2018 – 153 б.
2. “Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө” КР мыйзамы 16.06.1999-ж. №53
3. Буркин Д.О. Экологическая культура для устойчивого развития // Научные и технические библиотеки. М., 2020. - С. 58-62.
4. Низамиев А. Г. Основа современной экологической культуры-народная экология //Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016. – №. 11-1. – С. 60-62.
5. Зверев. И.Д. Ведущие идеи и понятия в содержании экологического образования // Проблемы экологического образования в школе. М., 1979. – С. 7-41.
6. Маткасымова М. О. Экологическое образование и воспитание школьников //Известия вузов Кыргызстана. – 2019. – №. 4. – С. 141-143.
7. Чоров М. Ж., Усенгазиева Г. С. Современное состояние непрерывного экологического образования Кыргызской Республики //Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2017. – №. 5-1. – С. 111-112.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Темирбек уулу И.**